**Турсунбаева Чолпон Манасовнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган «Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу» темасындагы диссертациясына**

## 1-РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган «Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу» темасындагы диссертациясы Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик жөнгө салынышы изилденген.

1. **Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Учурда аялдардын коомдук турмуштагы активдүүлүгү, аялдардын укук жана эркиндиктерин коргоо кыймылдарынын өнүгүшү коомдук мамилелерге гендердик жактан жандашууга артыкчылык берилсе дагы, бул чөйрөдөгү дискриминациялык элементтер жоголбостон жаңы формаларда чыгууда.

Укуктуу мамлекеттин шарттарында адам укуктары жана эркиндиктери анын ичинде жеке кол тийбестиги бир канча алдыңкы планга коюлса тилекке каршы көптөгөн учурларда аялдар ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөсүндө зомбулук аракеттерге дуушар болууда. Зомбулук аракеттердин ичинде аялдарга каршы кылмыштар бир канча орундуу экендиги тынчсызданууну жаратат. Атайын статистикалык маалыматтар муну бекемдейт.

**2. “Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби” жөнүндөгү Жобонун талаптарына жана анын II бөлүгү “Илимий даражаларды изденип алуу**

ВХОДЯЩИЙ № 97
12 06 2021

**үчүн жазылган диссертацияларга коюлган талаптардын жана баалоонун көрсөткүчтөрүнө” ылайык диссертацияда чыгарылган илимий жыйынтыктар**

Диссертациялык эмгекте илимий жактан негизделген төмөнкү негизги жыйынтыктар чыгарылган:

**1 натыйжа.** Диссертацияда аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик жөнгө салуунун эволюциясы талданган.

**2 натыйжа.** Диссертацияда аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуу менен байланышкан теориялык эмгектер, концепциялар жыйымдуу каралган.

**3 натыйжа.** Диссертациялык эмгекте аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теориялык, методологиялык жактары талдоого алынган.

**4 натыйжа.** Илимий иште Кыргызстандагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын тутумундагы энеликтин ченемдик укуктук жөнгө салынышы изилденген.

**5 натыйжа.** Диссертацияда Кыргызстандагы карын энеликтин ченемдик укуктук жөнгө салынышы талданган.

**6 натыйжа.** Диссертацияда көмөкчү репродуктивдүү технологиялардын аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудагы ролу талданган.

**7 натыйжа.** Аялдардын репродуктивдүү укуктарын учурдагы жөнгө салуунун абалы изилденген.

**8 натыйжа.** Аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салууну жакшыртуу боюнча теориялык жана практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**3. Диссертациялык эмгекте чыгарылган илимий жоболордун, тыянактардын жана сунуштардын шексиздик жана негиздүүлүк деңгээли**

Автор тарабынан диссертацияда иштелип чыккан жоболор, тыянактар, сунуштар тиешелүү түрдө аргументтелген. Илимий тыянактардын

ынанымдуулугу жана жогорку деңгээлдеги негиздүүлүгү автордун дыкаттык менен жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн чет элдик жана Ата-Мекендик окумуштуулардын эмгектерине таянып, аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуучу мыйзамдар жыйымы менен, эл аралык мыйзамдар базасын изилдегени менен далилденет.

**1 натыйжа.** Бул натыйжа аялдардын репродуктивдүү укуктарынын пайда болуу, өнүгүү калыптануусу боюнча тарыхый ченемдик документтерди кеңири окуу аркылуу алынган.

**2 натыйжа.** Бул жыйынтык аялдардын репродуктивдүү укуктары боюнча илимий теориялык укуктук концепцияларды талдоонун натыйжасында алынган.

**3 натыйжа.** Аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салуунун теориялык усулдук негиздери жыйымдуу талдоого алынган.

**4 натыйжа.** Бул жыйынтык Кыргызстанда энелик институтунун ченемдик бекилиши, аракеттеги мыйзам актыларындагы абалын талдоонун натыйжасында алынган.

**5 натыйжа.** Бул натыйжа карын энеликти жөнгө салуу менен байланышкан илимий адабияттарды, ченемдик актыларды талдоо аркылуу ишенимдүү жана негиздүү алынган.

**6 натыйжа.** Бул жыйынтык көмөкчү репродуктивдүү технологиялардын аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруу механизми аркылуу кароонун натыйжасында алынган.

**7 натыйжа**. Бул жыйынтык аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуунун өлкөдөгү абалын ар тараптуу талдоонун натыйжасында алынган.

**8 натыйжа**. Бул жыйынтык аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуучу ченемдик актыларды, укуктук практиканы ар тараптуу талдоонун натыйжасында алынган.

**4. Диссертациялык эмгекте чыгарылган илимий жоболордун, тыянактардын жана сунуштардын жаңылык деңгээли**

**1 натыйжа** жаңы болуп саналат. Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик жөнгө салынуусу тарыхый укуктук аспектиде алгачкылардан болуп жыйымдуу изилдөөгө алынган.

**2 натыйжа** жаңы болуп саналат. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуу менен байланышкан теориялык укуктук эмгектерди ар тараптуу талдоо аркылуу алынган.

**3 натыйжа** салыштырмалуу жаңы болуп саналат. Аялдардын репродуктивдүү укуктары изилдөөнүн теориялык усулдук жактары терең изилдөөнүн натыйжасында алынган.

**4 натыйжа** жаңы болуп саналат. Анткени алгачкылардан болуп энелик институтунун ченемдик жөнгө салынуусу окуп изилденген.

**5 натыйжа** жаңы болуп саналат. Карын энелик аялдардын репродуктивдүү укуктарынын бир элементи катары чогуу каралып анын ченемдик салуунун өзгөчөлүктөрү талданган.

**6 натыйжа** жаңы болуп саналат. Анткени көмөкчү репродуктивдүү технологияларды укуктук жактан жөнгө салуу менен аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудагы ролу аркылуу жыйымдуу каралган.

**7 натыйжа** жаңы болуп саналат. Анткени алгачкылардан болуп Кыргызстандагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын абалы аныкталган.

**8 натыйжа** жаңы болуп саналат. Анткени аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салууну жакшыртуу боюнча бир катар мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоо киргизүү иштелип чыгылган.

**5. Иштелип чыккан жыйынтыктардын ички биримдиги**

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын диссертациялык эмгеги ички бүтүндүккө ээ болгон, бирдиктүү жана ырааттуу түзүлүшкө ээ болгон өз алдынча даярдалган эмгек деп баалоого болот. Диссертациялык изилдөөдө чыгарылган илимий жоболор, тыянактар жана сунуштар илимий булактарды, ченемдик актыларды дыкаттык менен изилдөөгө таянып, методологиялык

жактан туура иликтенип, тиешелүү түрдө аргументтелип чыгарылган жана илимий жактан бекем негизделген.

Изилдөөдө чыгарылган жоболор, тыянактар негиздүү жана шексиз. Диссертациянын түзүлүшү логикалык жактан туура тандалган жана эмгектин максаты менен милдеттери эмгектин мазмунунун ички бүтүндүгүн чагылдырат.

**6. Диссертацияда чагылдырылган жыйынтыктарды чыгарууга автордун жеке өзүнүн катышуусу**

Изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жыйынтыктар маанилүү деп эсептелинет, ал эми изилдөө 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча Кыргызстандын укук илиминин өнүгүүсүнө олуттуу салым кошот.

Дисстерациялык изилдөөлөрдүн негизги натыйжалары Турсунбаева Чолпон Манасовна тарабынан жеке алынып ишенимдүү булактарга негизделет, Кыргыз Республикасында аракеттеги мыйзам актыларын, атайын юридикалык булактарды ар тараптуу терең изилдөөнүн натыйжасында алынган.

**7. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктардын тиешелүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана прикладдык маселени чечүүгө багытталгандыгы**

Алынган диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган илимий жоболор, тыянактар, сунуштар Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салууну жакшыртууга багытталган.

Бир катар автор тарабынан сунушталган тыянактар аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салууну кеңейтүү менен аны жакшыртат.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары теоретикалык-укуктук илимди байытуу менен аялдардын репродуктивдүү укуктарын нормативдик жөнгө салынышын жакшыртып андагы боштуктарды толуктайт, карама-каршылыктарды четтетет.

Илимий иштин жыйынтыктары аялдардын репродуктивдүү укуктары боюнча атайын курстарда, окуу процессинде лекция жана практикалык сабактарды өтүүдө, аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салууну жакшыртууга багытталган мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууда, өзгөртүү, толуктоо киргизүүдө пайдаланылышы мүмкүн.

**8. Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары, тыянактары жана корутундусунун жетиштээрлик түрдө толук жарыялануусунун ырасталуусу**

Диссертациялык эмгекте иштелип чыккан теориялык тыянактар, негизги жоболор жана жыйынтыктар автор тарабынан бир катар илимий практикалык конференцияларда баяндалган жана диссертанттын жарыяланган 11 макаласында чагылдырылган.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келүүсү**

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын авторефератын диссертацияга салыштыруу анын мазмуну боюнча толук дал келиши жөнүндө тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Диссертациялык изилдөөнүн түзүмдүк бөлүктөрү (киришүү, бөлүмдөр, параграфтар, тыянактар), негизги жоболор жана тыянактар авторефератта толук көлөмдө чагылдырылган.

Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде окшош резюмеге ээ.

**10. Диссертациянын мазмуну жана даярдалуусундагы кемчиликтер**

1. Диссертациялык изилдөөдө аялдардын репродуктивдүү укуктарын укуктук жөнгө салууга бир канча азыраак көңүл бөлүнгөн.

2. Диссертациялык эмгекте аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуу боюнча практикалык маалыматтар азыраак каралган.

Ошону менен бирдикте белгиленген сын-пикирлер илимий эмгектин жалпы баалуулугун төмөндөтпөйт.

**11. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын ЖАКынын "Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби" жөнүндөгү Жобонун талаптарына жооп берүүсү**

Диссертациялык изилдөө түзүмү жана мазмуну, илимий иликтөөдөн чыгарылган жыйынтыктарынын, тыянактарынын негиздүүлүк, шексиздик жана ишенимдүүлүк деңгээли, алардын теоретикалык-укук илими үчүн маанилүүлүгү боюнча толугу менен **"Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби" жөнүндөгү Жобонун** талаптарына жооп берет. Жогоруда айтылгандардын негизинде Турсунбаева Чолпон Манасовнага 12.00.01- укук жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деген тыянак чыгарууга болот.

**Расмий оппонент: ю.и.д., профессор** **Жумабекова Т. А.**

Колун тастыктаймын:

Подпись заверяю ст. инспектор СУР

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

**Турсунбаева Чолпон Манасовнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган «Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын-ченемдик укуктук жөнгө салуу» темасындагы диссертациясына**

## 2-РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга даярдалган «Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу» темасындагы диссертациясында Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик жөнгө салынышы изилденген.

1. **Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Адамзат ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүндөгү репродукция менен байланышкан коомдук мамилелер, учурдун талаптарына ылайык укуктук жөнгө салууну талап кылат. Бул, укуктук институтту калыптандырууда эл аралык ченемдердин, тажрыйбаны колдонуу бир канча артыкчылыктуу мүнөзгө ээ экендиги талашсыз.

Аялдардын репродуктивдүү укуктарын өз алдынча укуктук категория катары таануу, анын усулдук жана теоретикалык жактарын калыптандыруу юридикалык илимдин актуалдуу суроолорунун бири катары чыга келет.

Учурда аялдардын коомдук турмуштагы активдүүлүгү, аялдардын укук жана эркиндиктерин коргоо кыймылдарынын өнүгүшү коомдук мамилелерге гендердик жактан жандашууга артыкчылык берилсе дагы, бул чөйрөдөгү дискриминациялык элементтер жоголбостон жаңы формаларда чыгууда.

**2. “Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби” жөнүндөгү Жобонун талаптарына жана анын II бөлүгү “Илимий даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларга коюлган талаптардын жана баалоонун көрсөткүчтөрүнө” ылайык диссертацияда чыгарылган илимий жыйынтыктар.**

Диссертациялык эмгекте илимий жактан негизделген төмөнкү негизги жыйынтыктар чыгарылган:

**1 натыйжа.** Илимий эмгекте аялдардын репродуктивдүү укуктарынын калыптануу жана өнүгүү эволюциясы талданган.

**2 натыйжа.** Диссертациялык иште аялдардын репродуктивдүү укуктарынын калыптануусу менен байланышкан илимий көз караштар, концепциялар каралган

**3 натыйжа.** Диссертациялык изилдөөдө аялдардын репродуктивдүү укуктарынын изилдөө обьектиси, предмети жана усулдары талдоого алынган.

**4 натыйжа.** Изилдөөдө Кыргызстандагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын маанилүү бөлүгү болгон энеликтин ченемдик жөнгө салынышы изилденген.

**5 натыйжа.** Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын тутумундагы карын энеликтин ченемдик-укуктук жөнгө салынышы талданган.

**6 натыйжа.** Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ишке ашыруудагы көмөкчү репродуктивдүү технологиялардын орду, аларды жөнгө салуу өзгөчөлүктөрү талдоого алынган.

**7 натыйжа.** Кыргызстандагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын абалы жана өнүгүү тенденциялары изилденген.

**8 натыйжа.** Аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салууну жакшыртуу боюнча теориялык жана практикалык сунуштар иштелип чыгылган.

**3. Диссертациялык эмгекте чыгарылган илимий жоболордун, тыянактардын жана сунуштардын шексиздик жана негиздүүлүк деңгээли.**

Автор тарабынан диссертацияда иштелип чыккан жоболор, тыянактар, сунуштар тиешелүү түрдө аргументтелген. Илимий тыянактардын ынанымдуулугу жана жогорку деңгээлдеги негиздүүлүгү автордун дыкаттык менен жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн чет элдик жана Ата-Мекендик окумуштуулардын эмгектерине таянып, аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуучу мыйзамдар жыйымы менен, эл аралык мыйзамдар базасын изилдегени менен далилденет.

**1 натыйжа.** Бул натыйжа аялдардын репродуктивдүү укуктарынын калыптануусу боюнча тарыхый документтерди, ченемдик актыларды анализге алуу менен, нормативдик актыларды кеңири окуу аркылуу алынган.

**2 натыйжа.** Бул жыйынтык аялдардын репродуктивдүү укуктары боюнча илимий эмгектерди, концепцияларды, окуп үйрөнүүнүн натыйжасында алынган.

**3 натыйжа.** Аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салуунун обьектисин, предметин, усулдарын ар тараптуу талдоонун натыйжасында ишенимдүү жана негиздүү алынган.

**4 натыйжа.** Бул жыйынтык энеликти жөнгө салуучу ченемдик булактарды, теоретикалык-укуктук изилдөөнүн натыйжасында ишенимдүү жана негиздүү алынган.

**5 натыйжа.** Бул натыйжа азыркы учурдагы карын энеликти жөнгө салуучу атайын актыларды изилдөөнүн негизинде ишенимдүү жана негиздүү алынган.

**6 натыйжа.** Бул жыйынтык аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда көмөкчү репродуктивдүү технологиялардын ченемдик жөнгө салынуусунун абалын терең талдоонун натыйжасында алынган.

**7 натыйжа**. Бул жыйынтык учурдагы Кыргызстандагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын жөнгө салуунун абалын ар тараптуу талдоонун натыйжасында алынган.

**8 натыйжа**. Бул жыйынтык аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуучу ченемдик актыларды терең талдоонун натыйжасында алынган.

**4. Диссертациялык эмгекте чыгарылган илимий жоболордун, тыянактардын жана сунуштардын жаңычылдык деңгээли.**

**1 натыйжа** жаңы болуп саналат. Теоретикалык укуктук илимде адам укуктары канчалык деңгээлде терең изилденсе дагы ага карабастан бул укуктук институттун өзгөчөлүк мүнөзгө ээ болгондугунун эске алуу менен анын калыптануу эволюциясы аныкталган.

**2 натыйжа** жаңы болуп саналат. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуу менен байланышкан илимий концепцияларды талдоонун натыйжасында жалпыланган.

**3 натыйжа** салыштырмалуу жаңы болуп саналат. Анткени адам укуктарын жана эркиндиктерин жалпы изилдөө обьектилери илимде бир канча терең изилденген. Ошону менен бирдикте аялдардын репродуктивдүү укуктары изилдөөнүн обьектиси, предметине таандык өзгөчөлүктөр аныкталган.

**4 натыйжа** жаңы болуп саналат. Энеликти жөнгө салуучу ченемдик актыларды талдоонун натыйжасында энеликтин өзүнө мүнөздүү болгон укуктук жөнгө салуу өзгөчүктөрү, мазмундук жактары сыпатталган.

**5 натыйжа** жаңы болуп саналат. Азыркы учурда карын энеликти жөнгө салуучу ченемдик актылардын кабыл алынгандыгына карабастан, аны жөнгө салуунун нормативдик чөйрөсүн кеңейтүү зарылчылыгы негизделген.

**6 натыйжа** жаңы болуп саналат. Учурдагы Кыргызстандагы көмөкчү репродуктивдүү технологиялар аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруудагы маанилүү механизм катары каралган.

**7 натыйжа** жаңы болуп саналат. Анткени Кыргызстандагы учурдагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын абалы терең талдоого алынып анын мазмундук жактары, өзгөчөлүктөрү аныкталган.

**7 натыйжа** жаңы болуп саналат. Анткени аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салууну жакшыртуу боюнча бир катар сунуштар иштелип чыгылган.

**5. Иштелип чыккан жыйынтыктардын ички биримдиги.**

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын диссертациялык эмгеги ички бүтүндүккө ээ болгон, бирдиктүү жана ырааттуу түзүлүшкө ээ болгон өз алдынча даярдалган эмгек деп баалоого болот. Диссертациялык изилдөөдө чыгарылган илимий жоболор, тыянактар жана сунуштар илимий булактарды, ченемдик актыларды дыкаттык менен изилдөөгө таянып, методологиялык жактан туура иликтенип, тиешелүү түрдө аргументтелип чыгарылган жана илимий жактан бекем негизделген.

Изилдөөнүн бардык жыйынтыктары негиздүү жана шексиз. Диссертациянын түзүлүшү логикалык жактан туура тандалган жана эмгектин максаты менен милдеттери эмгектин мазмунунун ички бүтүндүгүн чагылдырат.

**6. Диссертацияда чагылдырылган жыйынтыктарды чыгарууга автордун жеке өзүнүн катышуусу.**

Изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жыйынтыктар маанилүү деп эсептелинет, ал эми изилдөө 12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы; мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча Кыргызстандын укук илиминин өнүгүүсүнө олуттуу салым кошот.

Дисстерациялык изилдөөнүн негизги натыйжалары Турсунбаева Чолпон Манасовна тарабынан жеке алынып, ишменимдүү булактарга негизделет, Кыргыз Республикасындагы аракеттеги мыйзам актыларын, атайын юридикалык булактарды ар тараптуу терең изилдөөнүн натыйжасында алынган.

**7. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктардын тиешелүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана прикладдык маселени чечүүгө багытталгандыгы.**

Алынган диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары чоң теоретикалык жана практикалык мааниге ээ.

Жүргүзүлгөн анализ, илимий жоболор, тыянактар, сунуштар Кыргыз Рсепубликасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салууну жакшыртууга багытталган.

Бир катар автор тарабынан сунушталган тыянактар аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салууну кеңейтүү менен аны жакшыртат.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары теоретикалык-укуктук илимди байытуу менен аялдардын репродуктивдүү укуктарын нормативдик жөнгө салынышын жакшыртып андагы боштуктарды толуктайт.

Ошондой эле атайын курстарда, окуу процессинде лекция жана практикалык сабактарды өтүүдө, аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштар мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүндө, колдонулушу мүмкүн.

**8. Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары, тыянактары жана корутундусунун жетишээрлик түрдө толук жарыялануусунун ырасталуусу.**

Диссертациялык эмгекте иштелип чыккан теориялык тыянактар, негизги жоболор жана жыйынтыктар автор тарабынан бир катар илимий практикалык конференцияларда баяндалган жана диссертанттын жарыяланган 11 макаласында чагылдырылган.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келүүсү.**

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын авторефератын диссертацияга салыштыруу анын мазмуну боюнча толук дал келиши жөнүндө тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Диссертациялык изилдөөнүн түзүмдүк бөлүктөрү (киришүү, бөлүмдөр, параграфтар, тыянактар), негизги жоболор жана тыянактар авторефератта толук көлөмдө чагылдырылган.

Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде окшош резюмеге ээ.

**10. Диссертациянын мазмуну жана даярдалуусундагы кемчиликтер.**

1. Диссертациялык изилдөөдө карын энеликтин укуктук жөнгө салынуусуна аз көңүл бөлүнгөн.

2. Ата-Мекендик авторлордун эмгекетерине азыраак көңүл бөлүнгөн.

**11. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын ЖАКынын "Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби" жөнүндөгү Жобонун талаптарына жооп берүүсү.**

Диссертациялык изилдөө түзүмү жана мазмуну, илимий иликтөөдөн чыгарылган жыйынтыктарынын, тыянактарынын негиздүүлүк, шексиздик жана ишенимдүүлүк деңгээли, алардын теоретикалык-укук илими үчүн маанилүүлүгү боюнча толугу менен **"Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби" жөнүндөгү Жобонун** талаптарына жооп берет. Белгиленген сын-пикирлер илимий эмгектин жалпы баалуулугун төмөндөтпөйт.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Турсунбаева Чолпон Манасовнага 12.00.01 - укук жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы; адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деген тыянак чыгарууга болот.

**Расмий оппонент:**
**К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл Аралык Университетинин доценти, "Жазык укугу жана процесси" кафедрасынын башчысы, ю.и.к.** **Юлдашов К. К.**

Колун тастыктаймын:

ЗАВЕРЯЮ
Подпись Юлдашов К.К.
01. 06 2021 г.
ОК Сыргыкова Г.Ш.

**“БЕКИТЕМИН”**
**Кыргыз Республикасынын**
**Ички иштер министрлигинин**
**генерал-майор Э.Алиев**
**атындагы Академиясынын**
**начальниги милициянын**
**полковниги Абитов Т.Т**

**2021-жылдын “8” 06**

12.00.01 - укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдин кандидатынын илимий даражасын изденип алууга сунуш кылынган «Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик укуктук жөнгө салуу» темасында Турсунбаева Чолпон Манасовнанын диссертациясына КР Ички иштер министрлигинин генерал-майор Э.Алиев атындагы Академиясынын «Мамлекеттик укуктук дисциплиналар» кафедрасынын жетектөөчү уюмдун

## ПИКИРИ

**1. Изилденген теманын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий жана жалпы мамлекеттик программалар (практиканы жана илим жана техниканы өнүктүрүү суроо-талаптары) менен байланышы.**

Изилдөөнүн зарылчылыгы Кыргызстандагы адамдардын анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарынын корголушу, ишке ашырылышы, камсыз болушу бир канча көңүл жубатарлык абалда эместиги менен да түшүндүрүлөт.

Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо уюмунун маалыматы ылайык Кыргызстанда энелик өлүм бар болгону 5% пайызга гана кыскарып анын деңгээли Борбордук Азия мамлекеттеринин арасында жогорку орунда калууда.

Бул тармакты изилдөодогү бирдиктүү усулдун жоктугу, теоретикалык жактан концептуалдык көз караштардын калыптанбашы, түшүнүк аппараттарынын толук кандуу иштелип чыгылбагандыгы, жөнгө салуу предметинин укуктук тармакка таандыктыгы, карын энеликтин укуктук абалы, көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануунун укуктук негиздери, этикалык жактары бир канча талаш тартыш экендиги да аныктайт.

Диссертациялык изилдөөнүн максаты – болуп адамдын укук жана эркиндиктери тутумунда гендердик жана физиологиялык озгөчөлүк сапаттарга ээ болго аялдардардын репродуктивдүү укуктарынын адам укуктары жана эркиндиктери тутумундагы орду алардын калыптануу жана

ВХОДЯЩИЙ № 11
12 06 2021 г.

өнүгүү тенденциялары, улуттук жана эл аралык мыйзам актыларындагы бекилүү деңгээли, жаңы илимий көмөкчү технологиялардын аларды ишке ашыруудагы механизмдерин ченемдик жөнгө салынуусун талдоонун негизинде адамдын укук жана эркиндиктер тутумунда аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салынышын жакшыртуу, аларды тутумдаштыруу, толуктоо саналат.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасында адам укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумундагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын өз ара бири-бири менен байланышы жана өз ара көз карандылыктарынын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталган.

Изилдөөнүн натыйжасында алынып чыккан тыянактар жана корутундулар, сунушталган жоболор аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салынышын жалпы тенденциялары менен бирге улуттук, менталдык өзгөчөлүктөргө дал келүүчү концептуалдык көз караштарды калыптандыруу көйгөйлөрүн алдыга сүрүү менен, аны андан ары жакшыртууда түшүнүк аппараттарын иштеп чыгуу, аларды колдонуунун адеп ахлактык жактарын, тактап айтканда репродуктивдүү технологияларды пайдалануунун коммерцияланышына, болочок перзенттин акыл эси, дени сак төрөлүшүн камсыздоо үчүн атайын чектөөлөрдү киргизүү концепциясы, репродуктивдүү технологияларды колдонуудан келип чыккан укук бузууларды анын ичинде бир канча маанилүү болгон кылмыш укуктук жоопкерчилик жактарын жакшыртуу жолдору иштелип чыккандыгында.

Диссертациянын практикалык мааниси Диссертациялык изилдөөдөгү сунушталган жоболор, тыянактар Кыргыз Республикасында адам укуктары жана эркиндиктери жаатында анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда, камсыз кылууда, коргоодо бул чөйрөдөгү укуктук мамилелерди тутумдаштыруу менен аны ченемдик жөнгө салынуусун жакшыртуу менен мамлекеттик бийлик, өзүн өзү башкаруу органдарынын, саламаттыкты сактоо боюнча институттардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттырат.

Ошондой эле изилдөөнүн натыйжалары мыйзам чыгаруу, башкаруу ишмердүүлүгүндө, укук колдонуу практикасында, бул чөйрөдөгү теоретикалык илимди байытууда алардагы боштуктарды толтурууда, атайын изилдөөлөрдө, окуу процессинде, атайын курстарда колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жоболор, корутундулар тыянактар мамлекеттин гендердик укуктук саясатын ишке ашырууда, аялдардын укук жана эркиндиктерин жөнгө салууда, репродуктивдүү ден-соолукту коргоо, камсыз кылуу боюнча иш чараларды

ишке ашырууда ошондой эле репродуктивдик көмөкчү технологияларды колдонуунун сапатын, жөнгө салынышын жакшыртууда колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын темасы Ош мамлекеттик юридикалык институтунун илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**2. Диссертацияга карата талаптардын чегиндеги илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште юридикалык илимдин өнүгүүсү үчүн бир кыйла мааниге ээ илимий-негиздүү теориялык натыйжалар сунушталган:

**1-натыйжа.** Автор тарабынан адам укуктарын жана эркиндиктерин жалпы теориялык көз караштарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде укук тутумунун курамында аялдардын репродуктивдүү укуктарынын институту теориялык жактан комплекстүү изилдөөгө алынды.

**2-натыйжа.** Диссертант тарабынан аялдардын репродуктивдүү укуктарынын өз алдынча пайда болуу жана калыптануусунун эволюциясы изилденип, анын мүнөздүү белгилери аныкталган.

**3-натыйжа**. Диссертациялык изилдөөдө аялдардын репродуктивдүү укуктарынын обьектисинин, предметинин жана усулдарынын өзгөчөлүктөрү талдоого алынган.

**4-натыйжа**. Автор тарабынан аялдардын репродуктивдүү укуктарынын түзүмүндө энелик институту ачып көрсөтүлдү. “Энелик” түшүнүгүн аныктоодо анын укук-ченемдик аныктамасынын маңыздык-мазмундук жана уюштуруу-түзүмдүк жактан өзүнчө жетиштүүлүгүн таануу керектиги далилденди.

**5-натыйжа.** Диссертациялык изилдөөдө карын энеликтин маңызы, мазмундук жактары, түшүнүк аппараты негизделди.

**6-натыйжа.** Илимий изилдөөдө көмөкчү репродуктивдүү технологиялар адамдын укук жана эркиндиктерин аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууда маңыздуу жана мазмундуу аспектилери негизделип чыкты.

**7-натыйжа.** Кыргызстанда аялдарддын репродуктивдүү укуктарынын жөнгө салынышы, абалы, түзүмү талоого алынган.

**8-натыйжа.** Изилдөөдө автор тарабынан аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруунун натыйжалуулугун арттыруу максатында бир канча теоретикалык жана практикалык сунуштар иштелип чыгылган.

**3. Ар бир натыйжанын негиздүүлүк жана аныктык даражасы (илимий абалы), издеиип алуучунун диссертациялык изилдөөдө баяндалган тыянактары жана корутундулары.**

Диссертацияда калыптанган тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин, ошондой эле адабият булактары менен практикалык жана архивдик материалдардын кеңири чөйрөсүн талдоодон жана жалпылоодон алынган анык булактарга негизделген.

Автор жасаган натыйжалардын, тыянактардын жана корутундулардын негиздүүлүгү жана аныктыгы төмөнкүлөр менен ырасталат:

**1-натыйжа.** Диссертациялык изилдөө иши учурдагы жалпы теориялык көз караштарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде аялдардын репродуктивдүү уктары теориялык жактан комплекстүүлүгү негизделген. Аныктык, изилдөөдөгү аялдардын укук жана эркиндиктери, репродуктивдүү укуктары укук тутумундагы орду жана мааниси ченемдик-укуктук актылардын, илимий эмгектердин жана адабий булактардын кыйла тобун терең талдоонун негизинде көрсөтүлгөн.

**2-натыйжа.** Изилдөө ишинде аялдардын репродуктивдүү укуктарын өз алдынчалуулугунун мүнөздүү белгилеринин берилишинде окумуштуулардын пикирлеринин ар тараптуулугуна, түрдүүлүгүнө, анын укук-ченемдик аныктамасынын маңыздык-мазмундук тарабынан негизделген. Аныктык, изилдөөдө ченемдик-укуктук актылардын, илимий эмгектердин жана адабий булактардын кыйла тобун терең талдоонун негизинде көрсөтүлгөн.

**3-натыйжа.** Диссертант тарабынан изилдөөнүн теориялык жана усулдук жактары, изилдөө обьектисинин, предметинин усулдарын окуп, ар тараптуу үйрөнүүнүн натыйжасында алынган.

**4-натыйжа**. Автор тарабынан энеликтин мазмунунун ачып көрсөтүлүшү негизделген. Ал анык, анткени анын укук-ченемдик аныктамасынын маңыздык-мазмундук жактары өзүнчө жетиштүүлүгүн таануу керектиги талдоонун натыйжасында алынган.

**5-натыйжа.** Жүргүзүлгөн изилдөө ишинде көмөкчү репродуктивдүү технологиялардын жардамы аркылуу пайда болгон карын энеликтин мазмундук жактары негизделди. Анык, анткени жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдөгү көз караштарды, ата-мекендик жана чет өлкөлүк адабий булактарды, практикалык материалдарды терең изилдөөгө негизделген.

**6-натыйжа.** Автор тарабынан көмөкчү репродуктивдүү технологиялардын маңыздуу жана мазмундуу аспектилери негизделген. Ал анык, анткени бул маселеге карата бир катар илимий эмгектерди, маалыматтарды терең талдоого негизделген.

**7-натыйжа.** Илимий эмгекте учурдагы Кыргызстандагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик жөнгө салынышынын абалы, социалдык түзүмүн, укук колдонуу практикасын талдоонун натыйжасында алынган.

**8-натыйжа**. Изилдөөдө репродуктивдүү укуктарды ишке ашырууну жөнгө салууда бир катар өзгөрүү, толуктоолорду киргизүү керектиги далилденип, автордук практикалык сунуштар иштелип чыгылган. Ал анык, анткени, бул багыттагы илимий изилдөөдө бир катар теориялык-илимий көз караштарды, практикалык материалдарды, ченемдик-укуктук аткыларды терең талдоого негизделген.

**4. Диссертацияда баяндалган ар бир натыйжанын (жобонун), тыянактын жана корутундунун жаңычылык даражасы.**

**1-натыйжа.** Салыштырмалуу жаңы, анткени юридикалык илиминде адам укуктары жана эркиндиктеринен туунду түрдө пайда болгон укуктук мамилелер тутуму.

**2-натыйжа**. Жаңычыл, анткени улуттук укук таануу илиминде аялдардын репродуктивдүү укуктарынын өз алдынчалуулугунун мүнөздүү белгилерин аныктоого багытталган алгачкы илимий иштердин бири болуп эсептелет.

**3-натыйжа**. Салыштырмалуу жаңы, анткени аялдардын репродуктивдүү укуктары адам укуктары жана эркиндиктери контекстинде бир канча илимий эмгектерде жалпы жоболору талданган.

**4-натыйжа.** Жаңы, анткени "энелик" түшүнүгүн аныктоодо анын укук-ченемдик аныктамасынын маңыздык-мазмундук укуктук көз карашта изилденген.

**5-натыйжа**. Бул дээрлик жаңы болуп саналат, анткени карын энеликтин аныктамасы сыпатталып, анын мүнөздүү белгилери укуктук жактары негизделген.

**6-натыйжа**. Жаңы, анткени көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануунун укуктук жактарын жөнгө салуунун көйгөйлөрү жана аны чечүү жолдору каралган.

**7-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени учурдагы Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын абалы, жөнгө салуу тенденциялары ар тараптуу изилдөөнүн натыйжасында алынган.

**8-натыйжа.** Жаңы, анткени автор аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашыруунун практикалык маселелерин чечүү максатында бир катар мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү керектигин негиздеди.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдигине жана тийиштүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүүгө болгон багыттуулугуна баа берүү.**

Изденүүчү Чолпон Турсунбаеванын диссертациялык илимий изилдөөсүнүн ички биримдиги иштин башкы максатын компетенттүү жана сабаттуу аныктоо менен камсыз кылынган. Сунуш кылынган иш теориялык жактан да, практикалык жактан да зор мааниге ээ болуп, мазмунунун алгылыктуу түзүлгөндүгү менен айырмаланат. Диссертациялык изилдөөнүн түзүмү автор алдыга койгон максаттарды жана милдеттерди толук өлчөмүндө ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Коргоого коюлуп жаткан натыйжалар менен жоболордун жаңычылык даражасы, эң оболу, иште автор тарабынан Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик жөнгө салуу боюнча негизги маселелер жана көйгөйлөрүн ар тараптан каралгандыгы менен аныкталат.

Диссертациялык изилдөө Конституциялык, мамлекет укук теориясын жана тарыхы, жарандык укук, жазык укугу, жорук укугу сыяктуу укуктук илимдерди камтыган дисциплиналар аралык мааниси бар бир катар маселелерди теориялык жактан олуттуу жалпылоо болуп саналат. Диссертацияда камтылган тыянактар жана жоболор анык жана илимий жактан негизделген.

Диссертацияда баяндалган тыянактар менен сунуштардын корутунду жоболорунун илимий негиздүүлүгү жана аныктыгы Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теориясындагы негизги маселелер жана көйгөйлөрүн тастыктаган илимий изилдөөлөрдү, укук колдонуу практикасындагы материалдарды жана бул чөйрөдөгү мамилелерди жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды ар тараптар системалык талдоо, заманбап ыкмаларды жана изилдөө каражаттарын пайдалануунун так жана жетиштүү деңгээли менен аныкталат.

Сунуш кылынган илимий иш толук аяктаган, практикалык мааниси бар, юридикалык илимди андан ары өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү иш катары мүнөздөөгө болот.

Жалпысынан алганда иш кандидаттык диссертацияга коюлган талаптарга жооп берет.

**6. Изденип алуучу алган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүүгө багыттуулугу.**

Изденүүчү коргоого алып чыккан тыянактар жана жоболор юридикалык илимде жогорку илимий-теориялык жана практикалык баалуулукка ээ, анткени аларды жүзөгө ашыруу Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын теориясындагы концептуалдык маселелерин кыйла терең изилдөөгө жана иликтөөгө көмөк көрсөтөт. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жүрүшүндө алынган бардык илимий тыянактар жана жоболор ушул иште алдыга коюлган максаттарга, теориялык жана практикалык милдеттерге жетишүүгө багытталган.

**7. Диссертациянын жарыяланган негизги жоболорун, натыйжаларын, тыянактарын жана корутундуларын ырастоо.**

Диссертацияда камтылган негизги жоболор, натыйжалар, тыянактар жана корутундулар автордун жарыяланган 11 илимий макалаларында чагылдырылган, анын ичинде:

1. Турсунбаева Ч.М. Нормативно правовое закрепление репродуктивных прав женщин [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Наука образование и техника. - 2016. - №3-4. - С.136-139.

2. Турсунбаева Ч.М. Закрепление репродуктивных прав в женщин в семейном законодательстве [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Наука образование и техника. - 2016. - №3-4. - С.139-143.

3. Турсунбаева Ч.М. Правовое положение женщин в обычном праве кыргызов [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Вопросы современной юриспруденции. Сибак. - 2016. - №8-9. - С.75-80

4. Турсунбаева Ч.М. Система наказаний по обычному праву кыргызов. [Текст] / Ч.М. Турсунбаева// Humanities and Social Sciences in Europe Achievements and Perspectives. – Vienna Austria, 26 January 2017 ISBN 13 978-3-903115-72-9- P.106-110

5. Турсунбаева Ч.М. Репродуктивные права женщин в системе прав человека [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // International Education Social Sciences and Humanities Research Conference Proceedings. - ST. LOUIS, USA, 2017. - P. 251-258.

6. Турсунбаева Ч.М. Некоторые вопросы понятийной категории репродуктивных прав [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // International conference on modern researches in science and technology Conference Proceedings. - BERLIN, GERMANY, 2017. – P. 636-643.

7. Турсунбаева Ч.М. Кыргызстанда энеликти коргоонун укуктук абалы [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2017. - №12. – С. 111-113.

8. Турсунбаева Ч.М. Энелик тууралуу түшүнүк [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2017. - №11. - С.144-145.

9. Турсунбаева Ч.М. Уголовно-правовая охрана репродуктивных прав по новому уголовному кодексу Кыргызской Республики [Текст] / Ч.М. Турсунбаева, Б. А. Жусупов // Евразийское Научное Обөединение. – 2019 - № 12(58), Ч.4. - С. 328-330

10. Турсунбаева Ч. М. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын изилдөөнүн кээ бир суроолору [Электронный ресурс] / Ч.М. Турсунбаева, Б. А. Жусупов // Электронный журнал ВАК КР. - 2020. №4 Ч.1 - С. 82-87

11. Турсунбаева Ч.М. Репродуктивные права женщин в системе прав человека [Текст] / Ч.М. Турсунбаева // Евразийское Научное Обөединение. – М. 2020. - №6(64), Ч. 3. - С. 118-122.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши.**

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын автореферати диссертациянын мазмунуна толук ылайык келет, негизги жоболорду, тыянактарды жана натыйжаларды чагылдырат.

Авторефератта үч: кыргыз, орус жана англис тилдеринде аннотация бар. Алар Кыргыз Республикасынын ЖАКтын талаптарына ылайык таризделген.

**9. Диссертациянын мазмуну жана аны жол-жоболоштуруу боюнча кемчиликтер.**

Белгиленген артыкчылыктар менен бирге эле илимий изилдөө ишинде айрым бир кемчиликтер да бар:

1. Диссертациялык илимий изилдөө ишинде практикалык материалдардын, мисалы, көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу азыраак колдонулганы байкалган.

2. Аялдардын репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууну жөнгө салууда мамлекеттик башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары кененирээк көрсөтүлгөн эмес.

3. Илимий изилдөө ишинде техникалык жана стилистик мүнөздөгү каталар бар.

Бирок, бул сын-пикирлер накта дискуссиялык мүнөздө жана диссертациялык изилдөөнүн жогорку деңгээлине жана аброюна таасир тийгизбейт, ал эми иштин өзү жогорку илимий мааниге ээ.

**10. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын Жобосу менен коюлган талаптарга ылайык келиши.**

Турсунбаева Чолпон Манасовнанын **«Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик-укуктук жөнгө салуу»** темасындагы кандидаттык диссертациясы ата-мекендик юридикалык илим үчүн өзүнүн түзүмү жана мазмуну боюнча, жүргүзүлгөн изилдөөнүн жүрүшүндө алынган ар бир илимий натыйжанын негиздүүлүк даражасы, аныктыгы жана жаңычылыгы боюнча **Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» Жобонун талаптарына толук ылайык келет.**

Диссертациянын жана автореферattын мазмунун талдоо изденип алуучу илим-изилдөөчүлүк жөндөмгө, автордук позицияга, өз алдынча ой жүгүртө билүүгө, мыкты интеллектуалдык потенциалга ээ экендигин көрсөттү.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде **« Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик укуктук жөнгө салуу»** темасындагы кандидаттык диссертация коюлган бардык талаптарга жооп берет, илимий-теориялык жана практикалык олуттуу мааниге ээ, ал эми анын автору Турсунбаева Чолпон Манасовнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга арзыйт.

Жетектөөчү уюмдун пикири Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин генерал-майор Э.Алиев атындагы Академиясынын «Мамлекеттик укуктук дисциплиналар» кафедрасынын 2021-жылдын «5» 06.21 (протокол №16) жыйынында талкууланган жана бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин
генерал-майор Э.Алиев атындагы
Академиясынын «Мамлекеттик укуктук дисциплиналар»
башчысы, ю.и.д., доцент Ботоева Ч .К.

**Колтамганы тастыктаймын:** С. Касымалиева